**«БАШТАЛГЫЧ БИЛИМ БЕРҮҮНҮН МАЗМУНУН МОДЕРНИЗАЦИЯЛОО ЖАНА ПРЕДМЕТТИК СТАНДАРТТАР»**

Семинар-кеңешмени Кыргыз билим берүү академиясынын Мектепке чейинки жана башталгыч билим берүү лабораториясы менен И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин Педагогика институту, университеттин Инновациялык окутуу бөлүмү биргелешип 2016-жылдын 28-январында университеттин №2 корпусунун 2-кабатындагы жыйындар ордосунда өткөрдү. Жыйынга Кыргыз билим берүү академиясынын, И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин, Бишкек музыкалык-педагогикалык колледжинин кызматкерлери, эл аралык долбоорлордун өкүлдөрү катышты.

Семинар-кеңешмеде төмөнкүдөй маселелер талкууланды:

1. Республикада кийинки кезде башталгыч билим берүүдө болуп жаткан өзгөрүүлөр:
   1.1.Кыргыз Республикасында Жалпы орто билим берүүнүн мамлекеттик стандартынын бекиши (КР Өкмөтүнүн 2014-жылдын 21-июлундагы №403 токтому).
   1.2.Жалпы орто билим берүүнүн жаңы базистик окуу планынын (БОП) бекиши, ал 2017-2018-окуу жылынан баштап ишке кирет.
   1.3.Жалпы орто билим берүү боюнча жаңы предметтик стандарттардын даярдалышы. Учурда 5-11-класстардагы бардык окуу предметтери боюнча предметтик стандарттар бекитилди. Ал эми башталгыч билим берүү боюнча 4 предметтик стандарт учурда даяр, бул багытта башка окуу предметтер боюнча да стандарттарды дардоо зарыл.
   1.4.«Наристе» балдарды мектепке даярдоо (480 саат) программасынын 2015-2016-окуу жылынан баштап бүтүндөй республика боюнча ишке ашырыла башташы.
2. Семинар-кеңешменин жүрүшүндө жаңы базистик окуу программасы, анын өзгөчөлүктөрү кеңири талкууланды.
   2.1.Мурдагы жана жаңы базистик окуу планы салыштырылып берилди:

**Билим берүү чөйрөлөрү, учурдагы жана жаңы базистик окуу пландарындагы окуу предметтер**

| Билим берүү чөйрөлөрү | Учурдагы окуу планындагы окуу предметтер | | | Жаңы базистик окуу планындагы окуу предметтер | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| Тилдик чөйрө | 1. | Эне тил (сабат ачуу, кыргыз тил, адабий окуу) | 6-7 саат | 1. | Эне тил (сабат ачуу, кыргыз тил, адабий окуу) | 6 саат |
| | 2. | Орус тил | 3 саат | 2. | Орус тил | 3 саат |
| | 3. | Чет тил, 3-класстан | 2 саат | 3. | Чет тил, 3-класстан | 2 саат |
| Социалдык чөйрө | 4. | *Адеп* | 1 саат | 4. | *Адам жана коом* | 1 саат |
| Математикалык чөйрө | 5. | Математика | 4-6 саат | 5. | Математика | 4 саат |

| | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| Табигый илимдер чөйрөсү | 6. | *Мекен таануу* | 1 саат | 6. | *Табият таануу* | 1 саат |
| Технология чөйрөсү | | | | 7. | *Технология, эмгек жана дизайн*, 2-класстан | 1 саат |
| Искусство чөйрөсү | 7. | Музыка | 1 саат | 8. | Көркөм өнөр/музыка | 2 саат |
| | 8. | Көркөм өнөр | 1 саат | | | |
| Ден соолук маданияты чөйрөсү | 9. | Дене тарбия | 2 саат | 9. | Дене тарбия | 2 саат |
| | 10. | *Турмуш-тиричилик коопсуздугунун негиздери* | 1 саат | | | |
| | | | | | *Варианттык компонент* | *1-3 саат* |

*Эскертүү*: Учурда колдонулуп жаткан окуу планындагы окуу предметтердин катар ирети мындан айырмаланат, салыштыруу максатында алар жаңы базистик окуу планындагыдай иретте берилди.

2.2. Талкуу учурунда жаңы базистик окуу планындагы варианттык компонентке өзгөчө көңүл бурулду, ага ылайык, 1-класста 1 саат, 2-3-класстарда 2 саат, 4-класста 3 саат берилет. Мектеп жамаатынын, мугалимдердин чечими менен, бул сааттарды бир сааттык окуу предметтерине колдонсо да болот.

3. Башталгыч класстардагы жаңы даярдалган предметтик стандарттар, алардын түзүлүшү, мазмундук багыттар, предметтик компетенттүүлүктөр жана күтүлүүчү натыйжалар катышуучулардын зор кызыгуусун жаратты.
4. Жогоруда сөз болгон өзгөрүүлөрдүн негизинде алдыда аткарылуучу иштер кеңири талкууланды:

4.1. «Наристе» балдарды мектепке даярдоо (480 саат) программасы ишке кирип, балдар бир жыл мектепте болуп жаткандан кийин, 1-4-класстардын окуу программаларына тиешелүү өзгөртүү киргизүү зарылдыгы жылдын аягында ал боюнча алдыңкы тажрыйбанын, жетишкендиктердин жана мүчүлүштүктөрдүн талкууланышы;

4.2. Башталгыч билим берүүнүн мазмунуна өзгөртүү киргендигине байланыштуу ага ылайык предметтик стандарттар, предметтик стандарттардын негизинде типтүү окуу программалары даярдалышы, аны үчүн компетенттүү автордук топторду түзүү зарылдыгы;

4.3. Жогоркулардын негизинде окуу китептерин даярдоодо жана басып чыгарууда автордук топторду тандап алууга өзгөчө көңүл бурулуусу.

Семинар-кеңешмеде окуу китептеринин авторлорун тандоодо алар, биринчиден, алар окуу предметинин жана анын негизинде окуу китебинин концепциясын сунуш кылып, аны коргоо зарылдыгы, экинчиден, авторлорго минималдуу талаптардын коюлушу айтылды. Ал талаптарды кеңири талкуунун негизинде иштеп чыкса болот, болгону бул талаптар жакпаган авторлор үчүн жасалма тоскоолдук болуп калбашы керек.

Автордук топто практик мугалимдердин да, илимий чөйрөнүн өкүлдөрүнүн да, усулчулардын да болушу анын сапаттык деңгээлин арттыры белгиленди.

Ошону менен катар окуу китептери менен иштеген адистерге да катуу талаптар коюлушу жана авторлор үчүн окууларды такай өткөрүп туруу зарылдыгы айтылды.

Жыйынтыктап жатып, семинар-кеңешме аталган маселелерди педагогикалык коомчулук менен талкуулоонун негизинде тез жана натыйжалуу ишке ашыруу башталгыч билим берүүнүн сапатынын жакшырышына түздөн түз таасирин тийгизери баса белгиленип, семинар-кеңешменин резолюциясы кабыл алынды.

## СЕМИНАР-КЕҢЕШМЕНИН
## РЕЗОЛЮЦИЯСЫ

Семинар-кеңешмеге Кыргыз билим берүү академиясынын, И.Арабаев атындагы Кыргыз улуттук университетинин, Бишкек музыкалык-педагогикалык колледжинин педагогикалык жамааттарынын өкүлдөрү, республикадагы билим берүү жаатындагы долбоорлордун өкүлдөрү катышып, иш-чаранын жыйынтыгы боюнча төмөнкүдөй резолюция кабыл алынды:

1. «Наристе» балдарды мектепке даярдоо (480 саат) программасы бүтүндөй республика боюнча ишке кирип, балдар бир жыл мектепте болуп жаткандан кийин, 1-4-класстардын окуу программаларына тиешелүү өзгөртүүлөрдүн кириши максатка ылайык болуп саналат.

   «Наристе» программасы быйылкы окуу жылынан баштап ишке ашып жаткандан кийин, жылдын аягында ал боюнча практика, алдыңкы тажрыйба, жетишкендиктер жана мүчүлүштүктөр кеңири талкууланышы зарыл.
2. Базистик окуу планы боюнча жер-жерлерде түшүндүрүү иштерин жүргүзүү коомчулуктун ал боюнча маалыматын арттырып, түшүнүгүн кеңейтмекчи.
3. Башталгыч билим берүүнүн мазмунуна өзгөртүү киргендигине байланыштуу предметтик стандарттар, алардын негизинде типтүү окуу программалары даярдалып, коомчулукта кеңири талкууланышы башталгыч билим берүүнү компетенттүүлүк негизде ишке ашырууга, анын сапатын арттырууга зор салым кошмокчу.
4. Жогоркулардын негизинде окуу-усулдук комплекстерди акыркы талаптарды эске алуу менен жаңылоо, электрондук окуулуктарды кеңири колдонууга киргизүү, окуу-усулдук комплекстерди даярдоодо жана басып чыгарууда автордук топторду тандап алууга өзгөчө көңүл бурулуусу учурда абдан маанилүү маселе болуп саналат.

   Окуу-усулдук комплекстердин авторлорун тандоодо алардын окуу предметинин жана анын негизинде окуу-усулдук комплекстин концепциясын иштеп чыгуусу, аны коргоосу орчундуу маселе болуп, аларга минималдуу талаптар коюлушу, автордук топто илимий чөйрөнүн өкүлдөрүнүн, усулчулардын, практик мугалимдердин болушу анын сапаттык деңгээлин арттырмакчы. Окуу китептери

менен иштеген адистерге да катуу талаптар коюлуп, авторлор үчүн окууларды такай өткөрүп туруу окуу китептеринин сапатын жаңы деңгээлге көтөрмөкчү.

5. Башталгыч билим берүүдө болуп жаткан өзгөрүүлөрдү болочок мугалимдерди даярдоодо жана мугалимдерди кайра даярдоодо эске алуу, адистерди даярдоо боюнча стандарттарга, программаларга, окуу материалдарына тиешелүү өзгөртүүлөрдү киргизүү, кийинки кезде республикада мугалимдерге өткөрүлүп жаткан тренингдерди жогорку окуу жайларынан, студенттерден баштоо иштин натыйжалуулугун бир топ арттырмакчы.

   Илим менен практиканын биримдигин, билим берүү уюмдарынын ортосундагы кызматташтыкты жаңы деңгээлге көтөрүү жогоруда аталган маселелерди чечүүнүн негизги жолу болуп саналат.